**Кыргыз - Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№4 ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 20-декабры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О., Алымбекова В., Абдыкаарова Т., Каримов К. ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Магистрдик программалардын НББПларын ишке ашырууда кызыкдар тараптардын тартылуусуна анализ
2. "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча маселелер
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Таштанова М.М., Маткеримова А.М., жана Мухтарбек кызы Нурпейил себептүү келбегендиктерин айтып, Окумуштуулар геңешин баштоону добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Магистрдик программалардын НББПларын ишке ашырууда кызыкдар тараптардын тартылуусуна анализ.**

Кыргыз-Кытай факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Алымбекова В.А., Магистрдик программалардын НББПларын ишке ашырууда кызыкдар тараптардын тартылуусуна анализ жөнүндө баяндама жасады. Магистрдик программалардын НББПлары окутуунун максаты жана максатарды ишке ашыруу үчүн күтүлгүүчү натыйжалары, компетенциялар коюлган талаптардын негизинде түзүлгөн. Негизинен Кыргыз-Кытай факультеттинин магистрдик программалардын "Лингвистика" багытындагы НББПларды ишке ашырууда ОшМУнун Орус Аңглис тил филологиясы жана Дүйнөлүк тилдер факультетиндеги "Лингвистика" багыты болуп үч факультетин негизинде түзүлгөн. Магистрдик программалардын НББПлары "Лингвистика" жана "Кытай таануу" беш максат каларган. Каралган максаттарда окутуунун натыйжалары ошондой эле ар бир окутуунун натыйжаларында компетенциялар каралат. Магистратура бөлүмүнүн жетекчиси Алымбекова В.А. Окумуштуулар кеңешинин курамы менен биргеликте ар бир компетенцияларга басым жасалып талкууга алынды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

2. **"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча маселелер**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Шеранова Н.Н. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча баяндама жасады. Мында Окутуучулар жана студенттердин илимий семинарларгага катышканды боюнча маалымат берилди “Окутуунун натыйжаларын калыптандыруу жана алардын окуу процессинде аткарылуучу ролу” бул семинарга 5 окутуучу катышкан. **Шаңхай технологиялык университетинде өткөрүлгөн** “Кытай тилини окутуу” боюнча онлайн семинарга 8 мугалим 3 студент катышкан. К.Карасаев атындагы БГУда **өткөн “Кыргыз – Кытай мамилеси жаштардын көз карашында” ЖОЖдор аралык илимий практикалык конференцияда факультетен 5 студент катышып сертификатка ээ болгондугу ж.б. өткөрүлөн** илимий-изилдөө иштеринин абалы боюнча баяндама жасады. Андан сырткары ОшМУнун илимий-изилдөө ишмердүүлүгү боюнча жол картасы түзүлүүдө, 2022-жылдын эл аралык илимий иш чаралардын жадыбалын түзүп тез арада тиешелүү жайга тапшырылышы айтылды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

3. **Ар түрдүү маселелер:**

1. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Үсөн уулу Маматаир окуу процессинин убактысынын жүрүүсү жана андагы өзгөрүүлөр боюнча айтып, сабактар үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүн эскертти.
2. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. Филология багытында вакансия бар экендигин жарыялап кетти.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Магистрдик программалардын НББПларында максаттары, окутуунун натыйжалары жана компетенциялардын дал келүүсү кафедралык отурумда дагы бир ирет каралсын.
2. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин абалы дагы да жогорулатылсын..
3. ОшМУнун илимий-изилдөө ишмердүүлүгү боюнча жол картасы түзүдө 2022 жылдын эл аралык илимий иш чаралардын жадыбалы түзүлсүн.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**